УДК: 658.012.12 (575.2) (04)

**Шаршенбекова Т.Н., Бекежанова С.М.**
И. Арабаев ат. КМУнун ГЭжТФ магистранттары,
**Шаршенбекова Т.Н., Бекежанова С.М.**
Магистранты ФГЭиТ КГУ им. И. Арабаева
**Sharshenbekova T.N., Bekezhanova S.M.**
Undergraduates FGEiT KSU named after I. Arabaeva

# НАРЫН ОБЛАСТЫНЫН РЕКРЕАЦИЯЛЫК РЕСУРСТАРЫ ЖАНА АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# РЕКРЕАЦИОННЫЕ РЕСУРСЫ НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ И ЕГО ОСОБЕННОСТИ

# RECREATIONAL RESOURCES OF NARYN OBLAST AND ITS FEATURES

**Аннотация:** Бул илимий макалада авторлор Нарын областынын рекреациалык ресурстарынын өзгөчөлүктөрүн  ачып берүүгө аракет кылган. Нарын областы татаал рельефтуу тоолуужана алыскы аймак. Жаратылыш-рекреациалык ресурстарына бай жана кыргыз туризмин өнүктүрүүдөгү мүмкүнчүлүгү чоң.

**Аннотация:** В данной научной статье авторы попытались раскрыть особенности рекреационных ресурсов Нарынской области. Нарынская область - горный и удаленный район со сложным рельефом. Он богат природными и рекреационными ресурсами и имеет большой потенциал для развития кыргызского туризма.

**Annotation:** In this scientific article, the authors tried to reveal the features of the recreational resources of the Naryn region. Naryn oblast is a mountainous and remote area with difficult terrain. It is rich in natural and recreational resources and has great potential for the development of Kyrgyz tourism.

**Негизги сөздөр**: рекреациалык ресурстар,рельеф,аймак,климат,тарыхый эстелик,жаратылыш,мыйзам,мергенчи.

**Ключевые слова**: рекреационные ресурсы, рельеф, регион, климат, исторический памятник, природа, закон, охотник.

**Key words:** recreational resources, relief, region, climate, historical monument, nature, law, hunter.

Нарын областы татаал рельефтуу тоолуу жана алыскы аймак.Облус Кыргызстандын борбордук жана түштүк чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 1000 метрден 5982 метрге чейинки бийиктикте жатып аймагынын 70% жакынын кырка тоолор ээлейт. Келечекте Нарын облусунда туризм тармактарынын калыптандыруу жергиликтүү  жаратылыш климат шартынын өзгөчөлүгүнө ылайык жүргүзүлөт. Облус түштүк жана түштүк-чыгышынан Кытай эл республикасы менен чектешип, азыркы базар мамилелеринин шартында эл аралык маанидеги туризмдин айрым түрлөрүн өнүктүрүүгө акырындап олуттуу таасирин тийгизет.Жеринин басымдуу бөлүгү бийик тоолуу келип, 2000-4000 метр бийиктикте жайгашкан. Климаты кескин

континенталдуу,кышкысын суук кыйла узакка созулат,жайы бир топ салкын жана кыска келет. .[3].

Негизинен Нарын облусунун рекреациалык ресурстары көңүлгө толорлук эле, бирок, калк жыш жайгашкан райондордон, шаарлардан бир кыйла алыс жайгашкандыгы, азыркы жолдордун татаалдыгы, ал ресурстарды өздөштүрүүдө, бир топ кыйынчылыктарды туудурат. Жаратылыш ресурстарынын бири, рекреациялык ресурстарынын ичинен көңүлгө аларлык, эң манилүүлсү -мергенчилик. Мергенчилик болгондо, Кыргызстанда илгертен бери жайылган, кийикти атып алып, этин пайдалануу эмес, мергенчиликтин жаңы түрүн өнүктүрүү. Мергенчиликтин жаңы түрү, эски мергенчиликке салыштырганда бир нече эсе пайдалуу. Эски мергенчилик жалаң эле этин пайдалануу менен чектелсе, жаңы мергенчилик боюнча кулжанын мүйүзү менен башын катыруу, чет өлкөлүктөр үчүн баалуу мергенчиликтин олжосу.

Экинчиден, өзүнүн жеринде кезикпеген ири мүйүздүү жаныбарга аңчылык кылуу алар үчүн эстен кеткиз таасирдүү окуя. Өзү жасаган андай сувенир үчүн, чет элдик мергенчилер миңдеген долларын аябайт экен. Мурда кулжанын башы менен ордунда калчу мүйүздөр дагы баалуу сувенир жасоого жарайт экен. Жаңы мергенчиликтин түрүн жергиликтүү элге, мамлекетибизге, көп эсе пайдалуу экендигин карапайым элге түшүндүрүү актуалдуу маселелердин бири болуп калды. Мергенчилик кыла турган баалуу жаныбарлардын түрү -аркар - кулжалар. Алар дүйнөлүк Кызыл китепке, Кыргызстандын кызыл китебине кирген жаныбарлардын бир түрү. Ал жаныбарларды мылтык менен атып мергенчилик кылуу гана эмес Республикада кабыл алынган мыйзам боюнча үркүтүп тынчын алууга болбойт. Өзгөчө март-апрель айларында, төлдөп жаткан убагында. Бирок, иш жүзүндө аталган мыйзам аткарылып жатабы? Тескерисинче, март-апрель айларында аркарларды кууп жүрүп аткылашканын, вертолёттор кыйраган учурларда гана чагылдырган массалык маалымат каражаттарынан окуп калып жатабыз. «Жазында, жапайы жаныбарларга ууга чыксаң. кайберендин каргышына каласың» - деген сөздөрдү укчу элек. Илгертен калган мындай сөздөрдү азыркылар унутушканбы? Азыркы учурда, Кыргызстандын аймагында аркар - кулжалардын көп кездешкен жери Ат-Башы районунун Ак-Сай жайлоосу. Бул жерде аркар-кулжалар үйүр-үйүр болуп жүргөнүн азыркы убакытка чейин айтып жүрүшөт. Мындан миң жылча мурун италиялык саякатчы Марко Поло бул жаныбарлардын короодогу койлордой топ-тобу менен жайылып жүргөндөрүн байкап, европалыктарга алгачкы жолу жазып кабарлаган. XX кылымдын башында орустун көрүнүктүү окумуштуусу Северцев да аркар-кулжалардын 400- 500 дөй топтору Кыргызстандын сырттарында койдой жайылып жүрүшкөндүгүн көрүп, жазып кеткен. Азыркы мезгилде алардын санынын 10-20 эсе азайгандыгы, ал гана эмес, жоголуп кетүү коркунучунун алдында тургандыгы жалпыбызга маалим. Жапайы жаратылыштагы аркар-кулжадай баалуу жаныбарыбыз жоготуп жиберүү, кечирилгис күнөө экендигин тануга болбойт. Ошондуктан, аркар-кулжадай баалуу жаныбарга чек арачылардыы автоматы менен, вертолёт менен кууп аңчылык кылууга реалдуу тыйуу салынса, аларды Кызыл китепке кирген жаныбар экендигин баардык элге түшүндүрүп айтып, аң сезимине жеткизсек, балким, аркар-кулжанын тукуму өсүп, жогоруда айтылган мекенибиз үчүн пайда келтире турган жаңы мергенчиликтин тармагына айланып калаар.

Кээ бир окумуштуулардын ою боюнча, тарыхый-маданий объектилердин ичинен маанилүү орунду тарыхтын, маданияттын жана археологиянын эстеликтери ээлейт. Алар өзгөчө

кооздугу менен айырмаланып, маданий-таанып-билүүчүлүк туризм жана рекреациянын канааттандыруудагы негизги каражат болуп саналат [3]. Облуста улуу адамдардын аты менен байланышкан  жерлер сакталып калган. Мындай жайлар туристтик-рекреациялык чарбаны өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк ачкан мурастардын негизги түзүүчү элементи болуп эсептелет. Бул жагдай аймактын маданий мурастары, анын басып өткөн тарыхы жана учурдагы абалы менен таанышууга, тагыраак айтканда,  маданий-таанып-билүүчүлүк туризмин өнүктүрүүгө шарт түзөт.  Ага мисал адамдын көңүлүн бура турган тарыхый эстелик – Кошой-Коргон урандылары. Кошой-Коргон жергиликтүү элдин уламышы боюнча хан Кошойдун душмандардан элди коргош үчүн курган чеби. Чеитин негйзги максаты, сырткы душмандардан, коргонуш үчүн курулган, эл топтолгон жай. Шаар деп айтуу кыйын, анткени ичинде Адам жашаган имараттардын жоктугу. Балким, ичинде көчмөндөр боз үйдө турушкандыр. Кошой-Коргон илимге белгилүү саякатчы, этнограф жана падышалык Россиянын офицери Чокан Валиханов тарабынан киргизилген. Ал X1X-кылымдын орто ченинде Кашкарга болгон саякатынын учурунда КошойКоргон жөнъндё угуп, келип сүрөттөп жазып, 1859- жылкы өзүнүн жазган эмгектеринде калтырып кеткен. Чокан Валихановдон кийин белгилүү чыгыш таануучу окумуштуу В.В.Бартольд келип изилдеп баардык тарыхчыларга тааныткан. Кийинки изилдөочүлордүн ойлору боюнча Кошой-Коргон Улуу Жибек Жолундагы чеп шаар XII-кылымга чейин пайда болгонун жана шаардын гүлдөгөн учуру X-XII кылымдарга туура келгендигин айтышат. Биринчи изилдөөчүлөрдүн маалыматтары боюнча, илгерки шаардын планы 245 х 250 м келген төрт бурчтук дувал болгон . Чептин сыртында тегерете казылган терең аң курчап турган. Дувалдын коргону чийки кирпич менен көтөрүлүп, калыңдыгы 4 төн 9 мге чейин жеткен. Бир кезде бийиктиги 10 мге жеткен дувалдын урандылары гана 4-8 м сакталып, эски шаарды элестетип турат. Коргондун ичи-сырты, азыркы мезгилде, айыл чарбасына пайдаланчу чабынды жерлерге айланган. Кошой-Коргондун туристик инфраструктруктурасы жакшы өнүкпөй жаткандыгынын себеби - негизги жолдордон обочо калып, Ички Тянь-Шандын бийик тоолуу, жетүүгө кыйын, жайларында жайгашкандыгында. .[3].

Ошондой эле облустун аймагында адамдын колу менен курулган, кызыга турган тарыхий эстеликтер дагы бар. Алардын маанилери дүйнөдөгү эстеликтердин катарында болбосо да, Кыргызстандын аймагындагы тарыхий эстеликтердин катарына кирет. Алардын бири Ат-Башы районунун Кара-Коюн өрөөнүндөгү Таш-Рабат эстелиги. Таш-Рабат Кара-Коюн суусунун сол жагы менен кеткен Бишкек-Нарын-АтбашыТоругарт автожолунун боюнда, негизги жолдун түштүк тарабында, 14-15 км аралыкта, Ат-башы кырка тоосунун этегинде жайгашкан. Кайсы мезгиде салынганы жөнүндө так маалыматтар жок. Бир катар изилдөөчүлөр христиан динине байланыштырып, несторианчьшар Х-кылымдарда курушкан монастырь - деп далилдешсе, экинчи бирөөлөр, X1Vкылымдарда курулган караван-сарай - деп айтышат. Чохан Валиханов 1859-жылдагы жазганы боюнча ТашРабат XVI кылымда шейбаниддердин ханы Абдулланын убагында курулган- деген ойду айткан. Бирок, бул гипотеза башка окумуштуулар тарабынан колдоого алынган эмес.Эмнеси болсо да Таш-Рабат ушул күнгө чейин жашыруун сырын толук ача элек. Таш-Рабаттын алган ордун деьиз деьгээлинен 3600 м бийиктикке чейин көторүп жиберишкен, Чындыгында анын алган орду деңиз деьгээлинен 3000 м бийиктиктин тегерегинде экендигин өскөн өсүмдүтөр күбөлөндүрүп турат (шыбак,ак кылкан ж.б.). Негизги куполдун бийиктиги 35-36 м. имараттын планы квадратка жакын, төрт бурчттуу келип, жактары 35,7 жана

33,7 м. Үстү түз жабылып, батыш тарабында тегерек купол көтөрүлүп турат. Негизги кире турган эшиги күн чыгыш жакты карайт. Төрт бурчунда башнялар орун алган. Ичинде квадрат формасындагы негизги чоң залынан башка отуздан ашык кичи бөлмөлөр бар. Терезенин жоктугунан, күндүз да бөлмөлөр карангы тартып, айлана жакшы көрүнбөйт. Бөлмөлөрдүн таманы оттун күлү. Кээ бир бөлмөлөрдүн таманынан зындан сымал туюк жер алдына кеткен бөлмөлөр бар. Илгери, чоң жол жокто, караван Таш-Рабаттын жанындагы кара жол менен ашууга карай өтсө керек. Азыркы кездеги Бишкек-Нарын-Атбашы Торгарт-Кашгар автомобиль жолу салынгандан кийин, ал жолдон 14 км четте калган көрүнөт.[2]. Биз мурда айткандай, Таш-Рабат географиялык абалы жагынан туристтердин келип кызыгышы үчүн ыңгайы анча жогору эмес. Бирок, бир нече жүздөгөн жыл мурда курулган, тарыхии эстелик катары эң кызыктуу. Мындай курулушту, жалаң аска таштын сыныктарынан курган устаттардын усталыгына таң каласың. Таштардын сыныктары кирпич эмес да, ошондой болсо дагы, нечен кылымдар бою бузулбай, биздин заманга жеткени, кимди болсо да таң калтырбай койбойт. Ал эми тарыхчылар жана, архитеторлор үчүн Таш-Рабат керемettүү көрүнүш.

Аталган рекреациалык обьектеринен башка адамдын ден соолугун чыңоого жардам кыла турган минералдык суулар бар.

Облустун жаратылыш-климаттык шарты өтө артүрдүү келип, химиялык составы ар кандай минералдык суулар табылган. Тоо арасындагы минералдуу суулардын саны азыр 15 булактан ашуун. Туризм тармактарын калыптандыруудагы эң келечектүүлөрүнө Кара-Кече,Чатыр-Көл,Беш-Белчир-Арашан,Көкөмерен,Чет-Кууганды сыяктуу минералдуу сууларын кошууга болот.Булардын айрымдары жергиликтүү калк тарабынан даарылык мааниде керектелип жүрөт.Учурда Беш-Белчир-Арашан минералдуу суусу “Арашан” деген ат менен белгилүү. Бул минералдуу суу Ат-Башы кырка тоосунда деңиз деңгээлинен 3000 метр бийиктикте жайгашкан.Бул минералдык сууну көбүнчөсү ичеги-карын ооруларын дарылоого кеңири колдонсо болот.Анын жалпы болжолдуу запасы суткасына 500 куб.метрди түзөт. [3].

Келечекте аймактын туристтик-рекреациялык ресурстарынын бирине Нарын дарыясынын ортоңку агымынын алабын кошууга болот.Ал негизинен Нарын облстынын батыш бөлүгүн ээлейт. Мында физикалык-химиялык составы жана дарылык касиети ар кандай 9 минералдык булак табылган.

Жыйынтыктап айтканда жаратылыш-рекреациалык ресурстарга бай Нарын обулусунун рекреациалык ресурстарын үнөмдүү пайдаланып, жергиликтүү бийлик тарабынан коргоо жана көзөмөлдөө иштерин күчөтүү зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Галицкий В.Я., Плоских В.М. К изучению Таш-Рабата. «По следам памятников истории и культуры». Фрунзе, 1982.
2. Перегудова С.Я. Таш-Рабат (по материалам архитектурно-археалогическогоисследования) Фрунзе, 1989.
3. Нарын облусунун энциклопедиясы.- Бишкек: КСЭ, 1998.- 418 б.

**Рецензент: пед.и.к., доцент Темирбек у. И.**